Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2022-жылдын IV чейреги үчүн
**ОТЧЕТ**

## 1. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2022-жылдын IV чейрегинде 99,1 пайызды түзүп, 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 1,2 пайызга азайган (2021-жылдын IV чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 100,3 пайызды түзгөн).


**1-таблица.** *Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы (млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021-ж. IV чейреги | 2022-ж. IV чейреги | 2021-ж. IV чейреги | 2022-ж. IV чейреги | 2021-ж. IV чейреги | 2022-ж. IV чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **815 543,1** | **1 230 655,8** | **813 315,9** | **1 241 474,0** | **100,3** | **99,1** |
| Бишкек ш. | 444 438,7 | 741 590,1 | 436 623,1 | 742 226,6 | 101,8 | 99,9 |
| Ош ш. | 98 361,0 | 127 762,2 | 96 919,0 | 128 783,5 | 101,5 | 99,2 |
| Чүй областы | 45 035,8 | 82 673,7 | 44 804,7 | 82 163,2 | 100,5 | 100,6 |
| Ысык-Көл областы | 37 975,7 | 48 515,1 | 39 121,2 | 50 407,1 | 97,1 | 96,2 |
| Талас областы | 20 097,0 | 23 582,5 | 21 711,6 | 25 002,2 | 92,6 | 94,3 |
| Нарын областы | 20 100,0 | 23 385,1 | 20 448,6 | 24 483,2 | 98,3 | 95,5 |
| Ош областы | 29 816,7 | 39 063,2 | 29 849,2 | 39 115,1 | 99,9 | 99,9 |
| Жалал-Абад областы | 83 874,2 | 101 196,5 | 87 947,6 | 106 602,1 | 95,4 | 94,9 |
| Баткен областы | 35 844,0 | 42887,4 | 35 890,9 | 42 691,0 | 99,9 | 100,5 |

2021-жылдын IV чейрегине салыштырганда 2022-жылдын IV чейрегинде төмөнкү региондордо коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу жогорулаган:

- Чүй областы боюнча – 0,1 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,6 пайызга;
- Талас областы боюнча – 1,7 пайызга;

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**





2022- жылдын IV чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Чүй областы боюнча катталып, ал 100,6 пайызды түзгөн, ошондой эле Баткен областы боюнча – 100,5 пайыз, Бишкек шаары жана Ош областтары боюнча – 99,9 пайыз, Ош шаары – 99,2 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Ысык-Көл областы боюнча – 96,2 пайыз, Нарын областы боюнча – 95,5 пайыз, Жалал- Абад областы боюнча – 94,9 пайыз, Талас областы боюнча – 94,3 пайыз.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү 2021-жылдын IV чейрегине салыштырганда 50,9 пайызга көбөйүү менен 1 230 655,8 млн сомду түзгөн.


Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча нак акчанын түшүүсү 1 053 849 млн сом түзгөн, анын ичинен:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 397 805,5 млн сомду, көбөйүү 23,2 пайызды түзгөн (2021-жылдын IV чейрегинде – 322 795,0 млн сом);

**2-график. 2021-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2022-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**





- товарларды сатып өткөрүүдөн – 52 938,0 млн сомду, көбөйүү 44,0 пайызды (2021-жылдын IV чейрегинде – 36 751,1 млн сомду) түзгөн;
- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 263 797,2 млн сом, көбөйүү 54,4 пайыз (2021-жылдын IV чейрегинде – 170 806,5 млн сом) чегинде катталган;
- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 67 007,1 млн сомду, көбөйүү 42,3 пайызды (2021-жылдын IV чейрегинде – 47 091,2 млн сом) түзгөн;
- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 130 264,4 млн сомду, көбөйүү 73,3 пайызды (2021-жылдын IV чейрегинде – 75 184,7 млн сомду) түзгөн;
- чет өлкө валютасын сатуудан – 142 036,8 млн сом, 2,2 эсеге көбөйүү (2021-жылдын IV чейрегинде – 61 779,0 млн сом) чегинде катталган.

Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2022-жылдын IV чейрегинде 1 241 474,1 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 52,6 пайызга көбөйгөн.

2022-жылдын IV чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан нак акча берүүнүн негизги багыттары 1 068 216,5 млн сом түздү:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 398 768,6 млн сом берилген, көбөйүү 24,4 пайызды түзгөн (2021-жылдын IV чейрегинде – 320 576,7 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөгө – 93 138,8 млн сом берилген, 2,2 эсеге көбөйгөн (2021-жылдын IV чейрегинде – 41 694,2 млн сом);
- банкоматтарды толуктоого – 320 917,8 млн сом багытталган, көбөйүү 31,9 пайызды (2021-жылдын IV чейрегинде – 213 061,9 млн сомду) түзгөн;
- локалдык акча которуулар үчүн төлөөгө – 62 149,0 млн сом берилген, көбөйүү 56,6 пайызды (2021-жылдын IV чейрегинде – 39 682,0 млн сомду) түзгөн;
- товарлар үчүн төлөөгө – 12 198,6 млн сом берилген, көбөйүү 25 пайыз (2021-жылдын IV чейрегинде – 9 759,0 млн сом) чегинде белгиленген;
- чет өлкө валютасын сатып алууга – 180 175,7 млн сом берилген, 2,6 эсеге көбөйгөн (2021-жылдын IV чейрегинде – 69 414,6 млн сом);
- эмгек акыны төлөөгө – 868,0 млн сом берилген, азаюу 22 пайыз (2021-жылдын IV чейрегинде – 1 112,0 млн сом) чегинде катталган.

4-график. 2021-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)




5-график. 2022-жылдын IV чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)




## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2022-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 75 219,9 млн сомду түзүү менен, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 5,0 пайызга көбөйгөн. Төлөмдөрдүн саны 1 989 933 төлөмдү түзгөн, бул 2021-жылдын IV чейрегине салыштырганда 3,4 пайызга көбөйгөн.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2022-жылдын IV чейрегинде 3 494 887,3 млн сомду түзгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 80,1 пайызга көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 224 019 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 27,3 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2021-ж. IV чейреги | 1 925 251 | 71 670,3 | 175 966 | 1 940 722,2 | 2 101 217 | 2 012 392,5 |
| 2022-ж. IV чейреги | 1 989 933 | 75 219,9 | 224 019 | 3 494 887,3 | 2 213 952 | 3 570 107,2 |

### 2.3. Банктык төлөм карталар рыногу

2023-жылдын 1-январына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында «Элкарт» улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк сунуштаган, эл аралык төлөм системасы боюнча - 14 банк тейлеген.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 2023-жылдын 1-январына карата абал боюнча 5 236,0 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 39,4 пайызга өскөн.

Төлөм карталарынын түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:


- **«Элкарт» улуттук системасы — 3 011 260 (57,5%):**
  - «Элкарт» — 3 006 095 (57,4%);
  - «Элкарт-UPI» — 5 165 (0,1%).
- **эл аралык системалар — 2 224 714 (42,5%):**
  - VISA — 2 046 402 (36,639,1%);
  - Master Card — 56 685 (1,1%);
  - «Золотая Корона» — 96 732 (1,8%);
  - Union Pay International — 24 895 (0,5%).

**3-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**

| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт -UPI | UPI | Visa | Master Card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 860 507 | 2 171 | 21 626 | 1 480 822 | 33 309 | 25 435 | 2 423 870 | 46,3 |
| Чүй областы | 290 090 | 1 006 | 991 | 99 193 | 6 091 | 14 714 | 412 085 | 7,9 |
| Ысык-Көл областы | 249 503 | 76 | 860 | 77 546 | 2 561 | 6 188 | 336 734 | 6,4 |
| Нарын областы | 169 345 | 389 | 22 | 19 371 | 1 465 | 7 173 | 197 765 | 3,8 |
| Талас областы | 116 784 | 121 | 430 | 30 447 | 1 781 | 4 726 | 154 289 | 2,9 |
| Жалал-Абад областы | 514 267 | 798 | 390 | 130 666 | 4 878 | 16 883 | 667 882 | 12,8 |
| Ош областы | 564 304 | 578 | 513 | 166 553 | 5 209 | 12 940 | 750 097 | 14,3 |
| Баткен областы | 241 295 | 26 | 63 | 41 804 | 1 391 | 8 673 | 293 252 | 5,6 |
| **Жыйынтыгында** | **3 006 095** | **5 165** | **24 895** | **2 046 402** | **56 685** | **96 732** | **5 235 974** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар ж.б. эң көп топтолгон деп мүнөздөлөт, ага ылайык, төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу кыйла өнүккөн. Ошентип, 2022-жылдын IV чейреги ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш Бишкек шаары боюнча 50,2 пайызды түзгөн. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 3,1 пайыз чегинде катталган.

2022-жылдын IV чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 61,8 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 54,6 пайызды түзгөн.



6-график. 2023-ж. 1 январына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны



7-график. 2023-ж. IV чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң сом)

**2) Банктык төлөм карталар эквайринги**

Отчеттук жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карталары, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм картасы республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган 2 041 банкоматта (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 2 041 даанасы жабдылган, аудио (үн) менен коштолгон (операцияларды коштоо) 10 даана жана пандус орнотулган 1 026 даана (704 жабдууга пандус орнотуунун зарылдыгы жок, 311 жабдуунун пандусу жок)), 16 252 POS-терминалда (анын ичинен «сокур терүү» баскычы менен (5-саны томпок) 14 116 даанасы жана байланышсыз төлөм функциясы менен 12 456 даанасы жабдылган) тейлөөгө алынган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 6,9 пайызды түзгөн же 113 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар 24,4 пайызга же 3 185 POS-терминалга көп.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эл аралык эсептешүүлөр төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана MasterCard эл аралык системалары – 795 банкомат жана 7 753 POS-терминал;
- «Золотая корона» эл аралык системасы – 257 банкомат жана 1 847 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 433 банкомат жана 3 652 POS-терминал.

**4-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** *(даана)*

| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 765 | 9435 | 775 | 657 |
| Чүй областы | 208 | 1241 | 240 | 223 |
| Ысык-Көл областы | 195 | 917 | 247 | 292 |
| Нарын областы | 84 | 180 | 152 | 115 |
| Талас областы | 80 | 267 | 97 | 130 |
| Жалал-Абад областы | 266 | 569 | 354 | 330 |
| Ош областы | 332 | 970 | 475 | 454 |
| Баткен областы | 111 | 165 | 168 | 155 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 041** | **13 744** | **2 508** | **2 356** |

**3) Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын IVчейрегинин жыйынтыгы боюнча карталарды колдонуу менен 170,1 млрд сом жалпы суммасында 39,6 млн транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 61,1 жана 65,7 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 137,4 млрд сом жалпы суммасында 21,4 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 43,4 пайызга, көлөмү 51,8 пайызга көбөйгөн;
- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 32,8 млрд сом жалпы суммасында 18,2 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 88,5 пайызга, ал эми көлөмү 2,7 эсе көбөйгөн.

### 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Е-Кардар» ж.б. системаларынын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 1 894,1 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 2,2 эсеге көбөйгөн.


Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 183,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,2 эсеге көбөйгөн.

### 2.5. Акча которуулар


2022-жылдын IV чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 57,7 млрд сом жалпы суммасында 2 215,0 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 32,9 жана 10,8 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 33,6 млрд сом жалпы суммасында 225,0 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 12,7 пайызга азайган, көлөмү 1,8 эсеге көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 33,7 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 81,3 пайызы туура келген.

**8-график. 2022-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2022-жылдын IV чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




2022-жылдын IV чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары тарабынан финансылык которууларды камсыз кылуу бөлүгү боюнча Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин талаптары сакталган.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2022-жылдын IV чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 109,0 млн АКШ доллары суммасында 240,2 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 26,5 жана 54,0 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 349,4 млн АКШ доллары суммасында 131,6 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 9,5 пайызга көбөйгөн, көлөмү 2,3 эсеге көбөйгөн.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 13,4 миң кирген которуулар 5,6 млн евро жалпы суммасында өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 55,6 жана 41,7 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 0,4 миң транзакцияны түзүү менен 0,3 млн евро жалпы суммасында жүргүзүлгөн, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 81,0 жана 86,6 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 1 961,3 миң кирген которуу 35 015,6 млн рубль суммасында өткөрүлгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 33,4 жана 7,1 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 91,5 миң транзакция 2 953,4 млн рубль суммасында ишке ашырылган, мындан өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 31,8 жана 39,1 пайызга азайган.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2022-жылдын IV чейрегинде чыккан которуулар 221,7 млн теңге жалпы суммасында 1,5 миң транзакцияны түзгөн, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 1,6 жана 1,8 эсеге көбөйгөн. Кирген которуулар казак теңгесинде болгон эмес.

**5-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2021-ж. IV ч. | | 2022-ж. IV ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 1 857,1 | 26 404,5 | 56,5 | 1 996,8 |
| | Чыккан | 9,6 | 790,6 | 14,1 | 1 950,3 |
| Contact | Кирген | 65,8 | 5 777,9 | 34,6 | 951,4 |
| | Чыккан | 27,9 | 4 581,4 | 13,7 | 1 796,7 |
| Money Gram | Кирген | 33,1 | 1 715,6 | 36,9 | 1 721,3 |
| | Чыккан | 1,4 | 103,7 | 3,9 | 1 073,4 |
| Юнистрим | Кирген | 27,9 | 1 250,1 | 215,9 | 6 659,1 |
| | Чыккан | 1,4 | 218,2 | 4,2 | 2 209,4 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 310,2 | 29 227,9 | 1 848,5 | 45 551,6 |
| | Чыккан | 217,0 | 13 132,5 | 168,0 | 14 070,9 |
| RIA | Кирген | 7,7 | 317,0 | 15,6 | 606,4 |
| | Чыккан | 0,3 | 22,0 | 0,7 | 41,3 |
| UPT | Кирген | 0,1 | 2,6 | 6,6 | 244,2 |
| | Чыккан | 0,01 | 6,7 | 20,5 | 12 487,6 |
| Astrasend | Кирген | - | - | 0,5 | 8,4 |
| **Жыйынтыгында, системалар боюнча** | **Кирген** | 3301,8 | 64 695,7 | 2 215,0 | 57 739,1 |
| | **Чыккан** | 257,6 | 18 855,2 | 225,0 | 33 629,6 |

## 2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2023-жылдын 1-январына карата абал боюнча 24 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 23 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 24 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2022-жылдын IV чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу жалпы 64,6 млрд сом суммасындагы 53,9 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү башка банктык кызматтарга туура келген – 17,6 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 27,2 пайызы), бул төлөмдөрдүн саны 4,4 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 8,2 пайызы) түзгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына туура келген төлөмдөрдүн көлөмү – 11,2 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 17,3 пайызы), бул төлөмдөрдүн саны 30,7 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 57,02 пайызы) түзгөн.

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жолдо жүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 2,4 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 3,6 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 3,3 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,2 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 7,3 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 11,2 пайызы), саны 3,1 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,7 пайызы) түзгөн.

**6-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 30 734 171 | 57,02% | 11 193 184,60 | 17,32% |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 39 290 | 0,07% | 10 711,77 | 0,02% |
| 3 | Интернет | 732 277 | 1,36% | 637 760,79 | 0,99% |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 3 130 096 | 5,81% | 2 168 222,55 | 3,35% |
| 5 | Салык жыйымдары | 11 612 | 0,02% | 23 521,00 | 0,04% |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 82 413 | 0,15% | 64 007,77 | 0,10% |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 120 731 | 0,22% | 99 339,19 | 0,15% |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 4 211 534 | 7,81% | 17 240 875,27 | 26,67% |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 716 141 | 1,33% | 3 005 391,34 | 4,65% |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 4 459 450 | 8,27% | 17 592 011,18 | 27,22% |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 3 123 581 | 5,79% | 7 288 005,68 | 11,27% |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 160 599 | 0,30% | 355 357,79 | 0,55% |
| 13 | Социалдык тармактар | 52 413 | 0,10% | 35 268,60 | 0,05% |
| 14 | Интернет оюндары | 17 341 | 0,03% | 8 878,56 | 0,01% |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 1 847 | 0,00% | 2 688,66 | 0,00% |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 3 008 780 | 5,58% | 471 565,69 | 0,73% |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 69 753 | 0,13% | 31 866,47 | 0,05% |
| 18 | Кулактандыруулар | 34 833 | 0,06% | 19 005,00 | 0,03% |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 491 | 0,00% | 354,98 | 0,00% |
| 20 | Билим берүү | 92 514 | 0,17% | 199 630,17 | 0,31% |
| 21 | Туристтик сапарлар | 5 812 | 0,01% | 34 273,96 | 0,05% |
| 22 | Башка төлөмдөр | 3 095 981 | 5,74% | 4 158 594,86 | 6,43% |
| **2022-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгында** | | **53 902 660** | **100,00%** | **64 640 515,88** | **100,00%** |

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2022-жылдын IV чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2021-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,1 эсе көбөйүп, 11 053 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.



10-график. Төлөмдөрдүн саны, %



11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %


## 2.7. Электрондук акча

2022-жылдын IV чейрегинин акырына карата алты коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча сегиз[1] локалдык система иш алып барган.

[1] Алардын ичинен бир система 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен (электрондук акчанын ордун жабуу (нак акчага айландыруу) гана жүзөгө ашырылган) жана дагы бир система 2021-жылдын III чейрегинен тартып атайын жөнгө салуу режиминде ишин жүргүзгөн. Бир система 01.10.2022-ж. тартып жабылган.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү менен ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Натыйжада, электрондук капчыктардын жалпы саны 5,4 млн капчыкты түзүү менен, 0,1 пайызга көбөйүшү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 14,6 пайызга жогорулаган). Алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 2,0 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,2 пайызын) түзгөн.


**12-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




2021-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 2 эсеге көбөйүп, 8,0 млрд сомду түзгөн, которуулардын саны 2,0 млн операцияны түзүү менен 60,3 пайызга көбөйдү;

**13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**




- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 43,3 пайызга азайып, 4,5 млрд жакын сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 45,0 пайызга азайып, 1,2 млн жакын операцияны түзгөн;
- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 2 эсеге көбөйүп, 6,7 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 27,8 пайызга көбөйүп 4,4 млн операция чегинде катталган;
- электрондук капчыкты толтуруу жолу менен электрондук акчаны таратуу боюнча операциялардын көлөмү 18,3 пайызга азайып, 8,7 млрд сомду түзгөн. Мында операциялардын саны 22,9 пайызга көбөйүп, 2,5 млн операцияны түзгөн.

### 2.8. Банктык чекене агенттер

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан накталай акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2022-жылдын IV чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган 123 агентти түзгөн. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 29 агентке же 31,9 пайызга көбөйгөн. Бир нече банк тарабынан 89 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылууда;
- кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн 2 775 агент сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда бул агенттердин саны 1 317 агентке же 1,9 эсеге көбөйгөн.

## 3. Методологиялык иш

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында төмөнкү токтомдорду кабыл алды:

1. 2022-жылдын 28-декабрындагы № 2022-П-14/83-4-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы №51/4

«Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому бекитилди;

2. 2022-жылдын 28-декабрындагы № 2022-П-14/83-5-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «2022-жылдын 25-майындагы № 2022-П-14/32-3-(ПС) токтому менен бекитилген «Санарип сом концепциясын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому бекитилди;

3. 2022-жылдын 14-декабрында № 2022-П-14/78-5-(ПС) токтому менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 15-апрелиндеги № 22/3 «Кыргыз Республикасында обочо туруп/аралыктан тейлөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому бекитилген;

4. 2022-жылдын 7-декабрындагы № 2022-П-14/76-6-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төлөм системалары боюнча айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому бекитилди;

5. Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөргө жана эсептешүүлөргө өтүү, санариптик төлөмдөрдү киргизүү, төлөмдөрдү кабыл алуунун башка инструменттерин өнүктүрүү, акча жүгүртүүдө ачык-айкындуулукка жетишүү жана көмүскө экономиканын үлүшүн кыскартуу, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо максатында, 2022-жылдын 16-декабрында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын № 680-66-6 «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес түрдө кабыл алуу жөнүндө» токтому кабыл алынган;

6. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамына ылайык келтирүү максатында 2022-жылдын 7-декабрында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 16-августундагы № 2017-П-14/34-2-(НПА) «Элкарт» төлөм карттары аркылуу эсептешүүлөрдүн улуттук системасын башка өлкөлөрдүн улуттук/эл аралык төлөм системаларына интеграциялоо долбоору үчүн эсептешүүчү агентти тандоо критерийлери жөнүндө» убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилген.

Коомдук талкууга төмөнкү ченемдик укуктук актылары да сунушталган:

1. «Эсептешүү банкына минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун долбоорун бекитүү тууралуу» токтом долбоору.

2. Төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтом долбоору.

3. «2023-2027-жылдарга төлөм системасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары жөнүндө» токтом долбоору.

*Эскертүү: Коммерциялык банктардын, төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын корректировкаларына байланыштуу келтирилген маалыматтар өзгөрүшү мүмкүн*